# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ

Шаршеев Алтынбек Мурзабековичтин

кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2-июнь 2016-жыл Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы төмөнкү курамында: Саалаев Ж.И., Айдарбекова Ч.А., Бобукеева М.Р., катчы Толобалдиев М.Э. катышуусу менен Шаршеев Алтынбек Мурзабековичтин кайрылуусун карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**т а п т ы :**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2016-жылдын 22-апрелинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 20-июнундагы № 360-токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын катардагы жана жетектөөчү курамынын кызмат өтөөсү жөнүндө Жобонун 106-пунктунун «ц» пунктчасы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 26-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп табуу жөнүндө А. Шаршеевдин өтүнүчү келип түшкөн.

Арызданууучу өз өтүнүчүндө, Ысык-Көл облустук Ички иштер бөлүмүнүн кызматкери болуп иштеп жаткан учурунда, ага карата Балыкчы

шаардык прокуратурасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 234-беренесинин 1-бөлүгү менен кылмыш иши козголгонун көрсөтөт.

Бирок ага карата козголгон кылмыш иш боюнча күнөөсү далилденбегендиктен, 2014-жылдын 8-декабрында Балыкчы шаардык сотунун өкүмү менен акталганын билдирет.

Ал эми, Балыкчы шаарынын прокурорунун апелляциялык тартипте келтирилген сунушу боюнча Ысык-Көл облустук сотунун жазык иштери жана административдик укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясынын 2015-жылдын 21-августундагы аныктамасы менен Балыкчы шаардык сотунун 2014-жылдын 8-декабрындагы ага карата актоо өкүмү жокко чыгарылганын жана ага карата Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 234-беренесинин 1-бөлүгү менен козголгон кылмыш иши эскирүү мөөнөтү өтүп кеткендигине байланыштуу өндүрүштөн кыскартылганын билдирет.

Аталган Ысык-Көл облустук сотунун аныктамасы арызданууучунун жумушуна таасирин тийгизип, аны милиция кызматынан бошотуу жөнүндө чаралар көрүлүп жаткандыгына байланыштуу көзөмөл даттануу менен Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна кайрылып, анда Ысык-Көл облустук сотунун 2015-жылдын 21-августундагы аныктамасын жокко чыгарып, Балыкчы шаардык сотунун 2014-жылдын 8-декабрындагы өкүмүн күчүндө калтырууну сураганын көрсөтөт.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жазык иштери жана административдик укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясынын 2015-жылдын 19-октябрындагы токтому менен Ысык-Көл облустук сотунун жазык иштери жана административдик укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегиясынын 2015-жылдын 21-августундагы аныктамасы күчүндө калтырылганын, анын көзөмөл даттануусу канааттандырылбаганын билдирет.

Ошондон улам, Ысык-Көл облустук Ички иштер бөлүмүнүн башчысы "Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын катардагы жана жетектөөчү курамынын кызмат өтөөсү жөнүндө" жобонун 106-пунктунун «ц» пунктчасын жетекчиликке алып, аны кызматтан бошотконун билдирет.

Ал эми арызданууучу соттун күчүнө кирген айыптоо өкүмү болбой туруп, аны аталган Жобонун негизинде кызматтан бошотконуу мыйзамсыз деп эсептеп, аны Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 26-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп табуу жөнүндө сурап кайрылган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы А. Шаршеевдин өтүнүчүн жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья Ж.И. Саалаевдин маалыматын угуп, төмөнкү жыйынтыкка келди.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу маселесин чечүүдө баарынан мурда кайрылуунун мазмуну жана тариzи «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келүүсүн аныктайт. Тактап айтканда, аталган конституциялык Мыйзамдын 25-беренеси кайрылууга коюлуучу жалпы талаптарды бекитип, бул берененин 8-, 9-пункттарына ылайык кайрылууда конкреттүү, конституциялык Мыйзамда көрсөтүлгөн кайрылууну кароо негиздери, кайрылуучунун коюлган маселе боюнча көз карашы жана аны Конституциянын ченемдерине шилтеме менен укуктук негиздемеси көрсөтүлүүгө тийиш. Бул конституциялуулугун талашып жаткан ченемдин жобосу тууралуу кайрылуучунун шектери объективдүү негиздемелер менен чыңдалышы жана так айкындалышы керек экендигин билдирет.

Кайрылуучу А. Шаршеев конституциялуулугун талашып жаткан ченемдин жобосу тууралуу так укуктук далилдерди келтирген эмес,

кайрылууда күмөн туудурган ченемдин маңызы конкреттүү түрдө көрсөтүлбөгөн. Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 315-беренесинин 4-бөлүгүнүн 3-пунктуна ылайык, эгерде өкүм чыгарылган учурга карай, ошол кылмыш үчүн адамды жазык жоопкерчилигине тартуунун эскирүү мөөнөтү өтүп кетсе, сот тарабынан жаза белгиленбестен, айыптоочу өкүм чыгарылат. Демек, эскирүү мөөнөтүнүн өтүп кеткендиги жазык жоопкерчилигинен бошотуунун калыбына келтирилбеген негиздеринин катарына кирет. Бул туурасында окшош жагдай боюнча 2014-жылдын 19-мартында кабыл алынган № 22-Р чечиминде Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын укуктук позициясы белгиленген.

Мындай учурларда судьялар коллегиясы кайрылуучунун көз карашы толук негизделбеген жана ушул жагдайдын негизинде талашып жаткан ченемдин жобосунда күмөндүүлүк жок деп эсептейт. Ал эми, күмөндүүлүк бар болсо жогоруда аталган конституциялык Мыйзамдын 24-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасында каралуучу иштин негиздеринин бири болуп эсептелмек.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык, эгерде кайрылуу мазмуну боюнча аталган конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келбесе, судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

Жогорулардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-беренесинин экинчи абзацын, 25-беренесинин 3-бөлүгүнүн 8-, 9-пункттарын, 28-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1-пунктун жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, судьялар коллегиясы

**а н ы к т а д ы:**

1. Шаршеев Алтынбек Мурзабековичтин кайрылуусу өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Кайрылуу жана ага тиркелген материалдар кайтарылып берилсин.

3. Аныктамага карата Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттанууга мүмкүн.

Судьялар коллегиясы:

Саалаев Ж.И.

Айдарбекова Ч.А.

Бобукеева М.Р.

№ 25-о